УДК 371

**Үсөнова Жылдыз Үсөновна**
И.Арабаев атындагы КМУнун көркөм маданият жана билим берүү факультетинин магистранты
**Үсөнова Жылдыз Үсөновна**
магистрантка факультета художественной культуры и образования, КГУ им. И.Арабаева
**Ysenova Zhyldyz Ysenovna**
Master's student of the faculty Artistic culture and education, KSU named after I. Arabaeva

# СТУДЕНТТЕРДИН АДЕПТИК САПАТТАРЫНЫН МАҢЫЗЫ ЖАНА МАЗМУНУ

# СУЩНОСТЬ И СОДЕРЖАНИЕ НРАВСТВЕННЫХ КАЧЕСТВ СТУДЕНТОВ

# ESSENCE AND CONTENT OF MORAL QUALITIES OF STUDENTS

**Аннотация:** Республикадагы политикалык, экономикалык жана идеологиялык өзгөрүүлөрдүн болушу коомдун техногендик цивилизациядан антропогендикке өтүүгө түрткү берүүдө. Ошол себептен азыркы учурд адептик идеалдардын жана баалуулуктардын актуалдашуусу менен мүнөздөлөт. Жалпы адамзаттык баалуулуктардын жана чыгармачылыктын татаал системасы катары адептик маданяттын өнүгүшүнө жеттүү үчүн социалдык институттардын өз ара биргелешүүсүн жана аракетин топтоону шарттайт.

**Аннотация:** Происходящие политические, экономические и идеологические преобразования в республике способствует переходу общества от техногенной цивилизации к антропогенной. В данное время характерна актуализация нравственных идеалов и ценностей. Это обуславливает необходимость взаимодействия и сосредоточении усилий социальных институтов на достижение к развитие нравственной культуры как сложной системы общечеловеческих ценностей и творчества.

**Annotation.** The ongoing political, economic and ideological transformations in the republic contribute to the transition of society from a technogenic civilization to an anthropogenic one. At this time, the actualization of moral ideals and values is characteristic. This necessitates interaction and concentration of efforts of social institutions to achieve the development of moral culture as a complex system of universal values and creativity.

**Түйүндүү сөздөр.** Адеп; адептүү; адептик сапаттар; адептик маданият; чыгармачылык; коом; билим берүү; баалуулук; инсан; студент; келечек.

**Ключевые слова.** Нравственность; нравственный; нравственные качества; нравственная культура; творчество; общество; образование; ценность; личность; студент; будущее.

**Key words.** Moral; moral; moral qualities; moral culture; creation; society; education; value; personality; student; future.

Заманбап дүйнөдөгү билим берүү ар бир өлкө жана бүтүндөй дүйнө үчүн адам ресурстарын өнүктүрүүнүн эң маанилүү фактору катары каралууда. Жакынкы келечекте мамлекет жана ар бир инсан үчүн билим деңгээли, алган билимдин көлөмү жана пайдалануу даражасы чечүүчү маселелерден болот.

Келечегибизди мыкты элестеткибиз келсе, аны алгач адептик сапаттарды калыптандыруучу адептик тарбиядан баштоо зарыл.

Адептүүлүк адамдардын жеке мамилелерине, коомго жасаган мамилелерине, бири-бири менен жана коом менен карым-катнашына, жакшылык-жамандык, абийирдүүлүк-уятсыздык, айкөлдүк-мыкаачылык деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берет. Коом адеп-ахлак нормаларын иштеп чыгат жана коргойт. Ага илим, саясат, философия, дин, укук, көркөм өнөр өңдүү коомдук аң сезимдер да таасирин тийгизет. Адамдардын адептүүлүк нормаларын сактоосун көзөмөлгө алуучу каражат коомдук пикир, элдин назары.

Инсандагы адептик сапаттардын бардыгы тарбия аркылуу келет. Адептик сапаттарды калыптандыруу процесси – бул абдан татаал жана узак процесс. Ошого байланыштуу, адептик сапаттарга калыптануу – адамдын инсандык жетилүүсүнүн эң башкы даражасы, эр жетүү натыйжасы деп түшүнүү керек.

Ал эми«кыргыз тилинин сөздүгүндө» адеп жана ага байланышкан бир нече түшүнүктөр төмөндөгүдөй чечмеленет:

«Адеп» – ызааттуу, тартиптүү жүрүм-турумдун, өзүн алып жүрүүнүн нормасы, сылыктык.

«Адеп-ахлак» – жүрүм-турум, кулк-мүнөз.

«Адептүү» – адеп сактай билген, тарбиялуу, адеби бар, сый-сыпаттуу, өзүн-өзү кармай билген.

Адеп – бир адамдын башка бир адамга жасаган өз ара сылык жана кичи пейил мамилелерин камтыган жүрүм-турум, адамдардын жүрүш-турушу кандай болууга тийиш экендиги жөнүндөгү көз караштар «адеп» термини өзүнө «тартип», «ызаат», «сыпайы-сылыктык», «уят», «абийир», «ынсап» сыяктуу адамдын жүрүм-турумун, мамиле жасаганын ар тараптуу тейлеген тарбиялык түшүнүктөрдү камтыйт.

Адептүүлүк – өркүндөгөн, чыныгы инсандын касиети, адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бири менен мамилелеринин, жүрүм-турум нормаларынын тарыхый жыйындысы катары карайбыз. [2, 126-б].

Орто Азия маданиятынын күбөсү болгон Жусуп Баласагындын «Кут билими» жана Махмуд Кашкаринин «Диван лугат ат-түрк» аттуу китеби бүткүл дүйнөгө белгилүү. Ж. Баласагын «Кут билиминде» жалпы адамзаттык баалуулукту түзүүчү төрт түшүнүктү:

1. Адилет – Күнтууду – Адилет.
2. Ырыс – Айтолду – Дөөлөт.
3. Чындык – Акдилмиш – Акылмандык.
4. Каниет – Өткүрмүш – Каниет – деп, гуманизм, адилеттик, бакыт, каниет, айкөлдүк, тыкандык, боорукерлик, жөнөкөйлүк, токтоолук ж.б. сапаттардын калыптанышы дүйнөнүн түзүлүшүндөгү табияттын кубулуштарынын негизинде өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн белгилеген [3, 20-24-бб].

Демек, биз бала тарбиялоодо чечкиндүү түрдө анын жашоосунан, айлана-чөйрөсүнөн ушакты, калпты, арамзалыкты, эки жүздүүлүктү, коркоктукту, зөөкүрлүктү ж.б. терс сапаттарды колдон келсе жолотпой кубалап, жамандыктын башталышына бөгөт коюп, жакшылыктын өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, оң сапаттагы балдарды көбөйтүү болуп саналат.

Окумуштуулар Э.М. Мамбетакунов жана Т. Сияев: «Чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдүк, жоопкерчилик, абийирдүүлүк, уяттуулук, гумандуулук, тартиптүүлүк, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо түшүнүктөрдү адептик сапаттарга киргизүү менен адеп-ахлактык тарбия бардык адамзат топтогон адамдык баалуулуктар менен бирге кыргыз элинин нукура каада-салтынын, үрп-адатынын негизинде жүргүзүлөт», – деп белгилешкен. [5, 39-б].

Б. Апыш белгилегендей: «Адеп – адамдардын жеке мамилелерине, коомго жасаган мамилелерине, бири-бири менен жана коом менен карым-катнашына, жакшылык-жамандык, абийирдүүлүк-уятсыздык, айкөлдүк-мыкаачылык деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берет. Коом адеп-ахлак нормаларын иштеп чыгат жана коргойт. Үй-бүлөдө жана мектепте балдарды адептүүлүккө тарбиялоонун милдети инсандагы идеялык өзөктү – жарандык (граждандык) көз караштарды, ишенимди, сезимди, жүрүм-турумду, сөз менен иштеги биримдикти калыптандыруу. Инсанды мындай идея менен шыктандыруу – педагогикалык маданияттын башаты да, ошол эле учурда тарбиячылык чеберчиликтин туу чокусу да болуп эсептелет» [2, 126-б]. Демек, адептүү инсанды калыптандырып чыгаруу өтө татаал, узак жана комплекстүү иштөөнү талап кылуучу процесс.

Жогорудагы талдоолордо көрсөтүлгөн аныктамалардын негизинде биз, адеп - бул адамдын адептик сапаттарында ишке ашырыла турган, инсандар ортосундагы маданиятты өткөрүп берүүнүн жана аны өздөштүрүүнүн « бардык жердеги » социалдык процесси. Адептүүлүк – бул адамдарга боорукердик жана ыкластуулук менен мамиле кылууга негизделген сезимдүү жүрүм-турумдун жыйындысы. Адептик сапаттар – бул ата-эненин, улуулардын сезимдүү сүйүүсү аркылуу калыптанган эң жакшы мүнөздөр деп түшүнөбүз.

Кыргыз эли ата-бабаларыбыздан бери муундан-муунга өткөрүлүп келген өзүнүн тарыхый жашоосунда пендеге адам болуунун жолун, шартын көрсөткөн моралдык-этикалык дөөлөттөрдүн бүтүндөй бир системасын иштеп чыккан. Адепсиз адамга ата-бабаларыбыз: атаңа наалат деп, нааразы болуп, салам айтпай өтүп бараткан баланы дароо токтотуп, эмне салам айтпайсың, кимдин баласысың деп уяткарып, кези келе калганда «уулуң өткөндө салам айтканга жараган жок» деп атасына айтып, адеп эрежелери эл турмушунда сакталышына өздөрү кам көрүп келишкен.

Ата-бабаларыбыздын акыл-насааттары, осуяттары бүгүнкү күндө жаш өспүрүмдөрдү адептик сапаттарга калыптандырууда тарбиялык каражат болуп эсептелет. Олуя Калыгулдун айрым бир осуяттарына кайрылсак:

Жамандыкты жеңүүнүн жолу – мында маселени сабырдуу, чыдамкай мүнөз, сылык амалдар менен чечүүгө, жамандык дегенге «таш менен урганды аш менен ур», «кемчилик сенден – кечирмек менден», «атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер», «жакшы адамдын ачуусу бар, кеги жок» дегендей гумандуу айкөл мамиле-эрежени колдонуу аркылуу жеңүүгө болоорун айтат. Элдик тарбияда оройлукту назиктик, сылыктык, ачууну токтоолук, сабырдуулук, жек көрүүнү мээрим менен сүйүү жеңет деген ишеним берилген.

Топуктуулук этикасы – башыңа жетерлик оокатты тапканың оң, дүнүйөкор болбошуң керек. Топуктуулук, барга каниет кылуучулук адамдардын мыкты сапаттарынын бири. Топуктуулук өзүңдү да, өзгөлөрдү да кыйнаган убаракерчиликтен куткара турган адеп-ахлактык сапат.

Өз ара мамилелер адеби – адамга ишеним кылууга, аны басынтпай, кайра ага колдоо көрсөтүүгө, кеңпейилдиктин, адамкерчиликтин жолунан тайбай, айкөл болууга чакырган. Эгерде өсө турган адамдын алдын тороп, көралбастык, караниеттик кылса, анда ал аксайт, мүдүрүлөт, өксүйт. Бирок мындай кыянаттык нарктуу пенденин кыла турган жосуну эмес, тескерисинче адамга жакшы кеп айтып көтөрмөлөсө, ал аргымактай алдыга күүлөнөт мындан кайра эле өзүң береке табасың.

Канткенде адам улуу адам болот? – адам боло турган адам алгач бала кезинен жамандан адашып, жакшыга жанашып, анын таалимин алып, элдик адеп эрежелерин үйрөнүп, нуска сөзгө, насыят-накыл кепке кулак төшөшү керек. Ушундай жол менен акырындап жүрүп отуруп адам болот ж.б.

Жазуучу К.Жусупов бул системаны терең талдап, жалпылап, төмөндөгүдөй кыргыз элинин жалпы адамзаттык мааниге моралдык улуу кодексин түзгөн: «Жер-сууну ыйык тут. Дайыма кишичилик милдеттериңди бил. Адал жаша. Оюңду тазарт. Атаны-энени урматта. Улууга сый, кичүүгө урмат көрсөт. Адептүү бол. Ичиң тар болбосун. Бар-жокко каниет, топук кыл. Салт, наркты сакта. Ыймандуу, боорукер, жоомарт, ак көңүл бол. Адамга, тирүү жандыкка жакшылык жаса. Арам ойдон кач, карасанатай болбо. Намыскөй бол. Дос, душманды айыр. Жерди корго, тууңду сакта. Кан сөзүн, эл сөзүн, атанын жана улуунун сөзүн жерге таштаба. Энени, аялзатын сыйла. Калыс бол, чынчыл бол. Акыйкаттан тайба, ушак, калп айтпа. Ач көз болбо, ачууңду бек карма. Сабырдуу бол. Кыялыңды оңдо! ж.б.». [4, 64-б].

Элдик педагогикада адамдын жүрүм-туруму, кулк-мүнөзү, пейили адептүүлүк же адепсиздик менен бааланып, адептүүлүктү негизги идея катары карап, адептик сапаттарга калыптандыруу менен тарбиялап келишкен. Адептүүлүктү – калк урматтоосуна алып баруучу айкын жолдордун бири катары карап, адептүүлүктөн зыян тарткан, жапа чеккен пенде болбойт деп эсептешкен, руханий байлык, материалдык байлыктан ар качан жогору коюлуп келген. Адепсиздик өтө төмөндүк, анын акыры жек көрүүчүлүккө, элден чыгууга алып барат. Адам баласында жолугуучу айрым бир адептик жана адепсиз сапаттарга мүнөздөмө берели.

Адептик сапаттар:

Берешен – колунда барын жетим-жесирге, муктаж болгондорго таратып берет. Ал берешендик мүнөзү менен тегерек-четке алынып кетет.

Бүйрө адамдар – өз жашоо-тиричилигине тың, алыш-катыштын ордун билген адамдар. Тууган, дос-тааныштарына да каралашканды унутушпайт.

Сылык адамдар – айланасындагы улуу-кичүүлөргө, кызматтагылар менен карапайым адамдарга бирдей кайрылып, дайыма сый мамиледе болушат.

Мээнеткечтик – бала чактан эмгек кылууга умтулуу. Бул төптүктүн, тактыктын, адалдыктын эң бийик сапаты.

Боорукердик – бир нерсеге башка бирөө менен кошо кайгыруу, кимдир бирөөнүн кайгысын бөлүшүүнү көрсөткөн абал.

Адепсиз сапаттар:

Ээнбаштык – бул терс адат, тентектиктин бир түрү. Ээн – айлана-чөйрөсүндө эч ким жок, өзүн-өзү билүүсү.

Каяша айтуу – улуу-кичүүлөрдү ылгабоочулук, өзүнүн одоно жактарын айтса, көтөрө албоочулук.

Ууру, кески – бирөөлөрдүн эмгеги аркылуу күн көрүү. эли-жерин уктатпайт, жанды тынчытпайт, этеги эки болбогондор, тукумкуруттар.

Кыянатчыл – адамдар ортосундагы мамилелерди бузуп жиберүүгө шыктуу келишет, ичи тар, эч кимге жакшылыгы жок, карамүртөз болушат.

Кежирлик – баланын коюлган талапты аткаргысы келбегендиги себеби, талап бала үчүн жагымсыз үн менен, же ал өзү жаман көргөн адам тарабынан коюлгандыгында [1].

Бүгүнкү күндө бул кыргыз элинин адеп-ыймандык улуу эрежелери окуучуларда адептик сапаттарды калыптандырууда өтө керек. Оң сапаттарга тарбиялап жатып, ошону менен катар эле жаштардын жан дүйнөсүндө терс сапаттарга, жорук-жосундарга каршы адептик иммунитетти калыптандыруу кажет. Жаш өспүрүмдөрдү элдик педагогиканын адамдык терс сапаттар, жорук-жосундар жөнүндөгү бүтүм-корутундулары менен куралдандыруу зарыл.

Жалпылап айтканда, студенттеринин адептик сапаттардын өнүгүшү терең билим алуу, аң-сезимдерин тарбиялоо, билгичтиктерди, көндүмдөрдү, машыгууларды, жүрүш-туруш адаттарын калыптандыруу менен акырындап жүрүп отурат. Алар окуу жайдан адеп эрежелеринин мазмунуна ээ болушат, жүрүм-турумдун мурда өздөштүрүлгөн эрежелерин бышыкташат, жаңыларына калыптанышат. Педагогиканын эң маанилүү эрежеси – жаштар ар дайым калыптануу процессинде болуп, кечээ кандай болсо, эч убакта ошол бойдон кала бербей, дайыма адептик жактан өзгөрүлүп турушу керек.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеги:**


1. Акматалиев, А. Кыргыз адабиятынын тарыхы / А.Акматалиев. – Бишкек, 2004. – 203 б.
2. Апышов, Б. Тарбия жараяны / Б.Апыш. – Бишкек, 2008. – 126 б.
3. Баласагын, Жусуп. Кут алчу билим / Ж.Баласагын. – Фрунзе, 1988. – 20 б.
4. Жусупов, К. Кыргыздардын байыркы маданияты / К.Жусупов. – Бишкек, 2006. – 64 б.
5. Мамбетакунов, Э. Педагогиканын негиздери / Э.Мамбетакунов, Т.Сияев. – Бишкек, 2001. – 39 б.


**Рецензент: пед.и.к., доценттин м.а. Бектуров Т.М.**